**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
**«Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин уюштуруучуларынын жалпы чогулушунда**
**№6 протокол "22" 07 2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**«Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин директору**
**______ Бостонова П.З.**
**"22" 07 2025-ж.**

**Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо жөнүндө**

# ЖОБО

Бул Жобо «Сапаттуу Билим» көз карандысыз агенттиги тарабынан билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялык ишмердүүлүктү жөнгө салуучу нормативдик-укуктук актылардагы өзгөрүүлөргө байланыштуу кайра иштелип чыкты. Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 «Билим берүү тармагындагы аккредитация боюнча нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтомунун негизинде түзүлгөн

**1. Жалпы жоболор**

**1.1.** Бул Жобо «Сапаттуу Билим» Агенттиги тарабынан билим берүү уюмдарынын жана билим берүү программаларынын сапатын көз карандысыз баалоонун максатын, принциптерин, мазмунун, уюштурулушун жана тартибин аныктайт. Баалоо төмөнкү билим берүү деңгээлдерин камтыйт:

- башталгыч кесиптик билим берүү (НПО),
- орто кесиптик билим берүү (СПО),
- жогорку кесиптик билим берүү (ВПО),
- жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү (ПВПО),
- кошумча кесиптик билим берүү (ДПО),
- жалпы орто билим берүү (ОСО).

**1.2.** Жобо жана Аккредитациялык стандарттар төмөнкү нормативдик актылардын негизинде иштелип чыккан:

- 2023-жылдын 11-августундагы №179 Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы;
- 2024-жылдын 15-майындагы №246 Министрлер Кабинетинин «Билим берүү тармагындагы аккредитация боюнча нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтому;
- 2021-жылдын 4-майындагы №200 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын 2021–2040-жылдарга бекитүү жөнүндө» токтому;
- Кыргыз Республикасында улуттук квалификациялар системасынын концепциясы (2020-жылдын 30-сентябрындагы №505 токтом);
- Улуттук квалификациялар алкагын бекитүү (2020-жылдын 18-сентябрындагы №491 токтом);
- Европанын ЖОЖдор аралык билим берүү мейкиндигиндеги жогорку билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча стандарттар жана колдонмолор (ESG) (2015-жылдын май айында Ереванда министрлердин конференциясында бекитилген).

**1.3.** Аккредитация — бул билим берүү уюмунун жана анын айрым билим берүү программаларынын сапат деңгээлин баалоо процедурасы. Анын жыйынтыгында билим берүү уюму же программасы белгиленген критерийлерге жана стандарттарга шайкеш деп таанылат.

**1.4.** Аккредитациянын максаты — Агенттик тарабынан билим берүү кызматтарынын белгиленген стандарттарга, процедураларга жана эрежелерге шайкештигин таануу.

**1.5.** Институционалдык аккредитациянын максаты — билим берүү уюмунун коомдогу социалдык миссиясын, билим берүү баалуулуктарын жана кадрларды даярдоого болгон коомдун муктаждыктарын камсыз кыла алганын же кыла албаганын тастыктоо.
**1.6.** Программалык аккредитациянын максаты — билим берүү уюму тарабынан сунушталган программалардын Агенттиктин стандарттарына, процедураларына жана эрежелерине шайкештигин аныктоо.
**1.7.** Институционалдык жана программалык аккредитациялар билим берүү уюмдарынын каалоосу боюнча бир эле убакта же кезектешип, бир же ар башка агенттиктерде өткөрүлүшү мүмкүн.
**1.8.** Аккредитациянын негизги максаттары:

- билим берүү сапатын жогорулатууга жана билим берүү уюмунда сапат маданиятын калыптандырууга көмөктөшүү;
- билим берүү уюмдарынын жана программаларынын жетишкендиктерин аныктоо жана аларды дүйнөлүк билим берүү жана илимдеги алдыңкы тенденциялар менен шайкеш көрсөтүү;
- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоодо жеткиликтүү, ачык, тунук жана объективдүү процедураларды камсыз кылуу;
- билим берүү уюмдары менен программаларын мамлекеттик стандарттардан кем эмес деңгээлде баалоо;
- коомду билим берүү уюмдарынын жана программаларынын сапаты тууралуу маалымат менен камсыз кылуу;
- Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана квалификациялык документтерди дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде таанууга көмөктөшүү;
- билим берүү уюмдарынын жана программаларынын үзгүлтүксүз өзүн-өзү баалоо жана өнүктүрүү аркылуу өркүндөшүнө өбөлгө түзүү;
- бүтүрүүчүлөргө билим берүү боюнча документтерди берүүгө укук берүү.

**1.9.** Аккредитациянын негизги принциптери:

- аккредитация системасынын көз карандысыздыгы жана объективдүүлүгү, ага мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюмдардын катышуусу;
- аккредитациянын процедуралары жана жыйынтыктары тууралуу маалыматтын ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү;
- илимий негизделген, стандартташтырылган жана технологиялык инструменттерди жана методологияны колдонуу;
- чечим кабыл алууда коллегиалдуулук жана жыйынтыктардын ачыктыгы;
- аккредиттелген уюмга же программага берилген статус белгилүү бир мөөнөткө гана жарактуулугу.

**1.10.** Аккредитация билим берүү уюмдарынын ведомстволук тиешелүүлүгүнө, уюштуруучулук-укуктук формасына жана жайгашкан жерине карабастан бирдей шарттарда өткөрүлөт.
**1.11.** Аккредитациядан өтүүгө лицензиясы бар жана ага тиркелген аккредитациялануучу программалар көрсөтүлгөн билим берүү уюмдары укуктуу.

- Аккредитациянын мөөнөтү — бир уюм/программа үчүн кеминде 3 ай.
- Аккредитацияга байланыштуу чыгымдарды билим берүү уюму өзү көтөрөт.
- Билим берүү уюму стандарттар, критерийлер, процедуралар жана мөөнөттөр боюнча маалымат алууга укуктуу.
- Уюм аккредитациядан баш тартууга жана арызын комиссия тышкы баалоону баштаганга чейин артка чакырып алууга укуктуу. Бул учурда төлөнгөн акча кайтарылбайт.

**1.12.** «Сапаттуу Билим» Агенттиги төмөнкү учурларда аккредитация жүргүзө албайт:

- эгерде билим берүү уюму Агенттиктин демөөрчүсү болсо же чоң суммадагы каражаттык жардам көрсөткөн болсо;

- эгер Агенттиктин кызматкери мурда ошол билим берүү уюмунда иштеп, иштен чыкканынан 3 жыл өтө элек болсо;
- эгер Агенттиктин кызматкери билим берүү уюмунун түзүүчүсү болсо же анын жетекчилери менен туугандык байланышы болсо.

**2. Аккредитация жүргүзүүнүн тартиби**

**2.1.** Билим берүү уюмунун (программаларынын) көз карандысыз аккредитациясы «Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин директорунун наамына берилген программалык же институционалдык аккредитация жүргүзүү боюнча арыздын негизинде ишке ашырылат (Кошумча 1). Арызга төмөнкү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет:

- юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк,
- билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө укук берген уруксат кагаздары (кошумчалары менен лицензия),
- билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнүн кыскача мүнөздөмөсү, акыркы жолу аккредитациядан өткөн мөөнөтү көрсөтүлөт.

**2.2.** «Сапаттуу Билим» агенттиги арыз жана документтер катталган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде алардын толук болушун, туура таризделишин жана арыздын толтурулушун текшерет.
Эгерде арыз жана документтер белгиленген талаптарга ылайык берилсе, билим берүү уюмуна же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө арыз жана документтер мазмуну боюнча кароого кабыл алынганы тууралуу билдирүү жөнөтүлөт.
Эгерде документтер толук берилбесе, туура эмес таризделсе же туура эмес толтурулса, билим берүү уюмуна же анын өкүлүнө документтердин талаптарга ылайык эместиги тууралуу билдирүү жөнөтүлөт. Эгер билдирүү жөнөтүлгөндөн кийин эки ай аралыгында билим берүү уюму талап кылынган документтерди тийиштүү түрдө бербесе, Агенттик арызды жана документтерди мазмуну боюнча кароодон баш тарта алат.

**2.3.** Арыздын негизинде «Сапаттуу Билим» агенттиги менен билим берүү уюмунун ортосунда аккредитация жүргүзүү боюнча келишим түзүлөт. Аккредитациянын мөөнөттөрү, этаптары, шарттары жана финансылык чыгымдары билим берүү уюму менен макулдашылат жана келишимде белгиленет.
Келишим түзгөн билим берүү уюму аккредитация процедурасы боюнча усулдук-нускамалык материалдарды алууга укуктуу.

**2.4.** «Сапаттуу Билим» агенттиги менен билим берүү уюму программалык же институционалдык (мүмкүн болсо бир эле учурда) аккредитация өткөрүү жөнүндө келишим түзгөндөн кийин аккредитация процедурасын баштоо тууралуу чечим кабыл алышат. Аккредитация үчүн окуу жай тараптан жана Агенттик тараптан ыйгарым укуктуу (жооптуу) адамдар дайындалат. Аккредитация үч этап менен жүргүзүлөт (Кошумча 2).

**2.5.Аккредитациянын биринчи этабы.**

2.5.1. «Сапаттуу Билим» агенттиги аккредитациянын негизги жоболорун, минималдуу талаптарын жана процедураларын, өзүн-өзү баалоо эрежелерин жана отчет жазуу тартибин түшүндүрүү боюнча окуу семинарын өткөрөт.
2.5.2. Агенттик билим берүү уюмунун жооптуу өкүлү менен чогуу программаларды (багыттарды, адистиктерди) кластерлер боюнча бөлүшөт.
2.5.3. Агенттиктин директору эксперттик комиссия түзөт жана билим берүү уюмунда аккредитация жүргүзүү үчүн төрага жана референт дайындайт. Референт төрагасына консультациялык жардам көрсөтүп, комиссиянын ишин жалпы көзөмөлдөйт. Эксперттик комиссия 3–5 адистен турат, алар билим берүү уюмун баалоо боюнча адистер же арыз берилген программалар боюнча адистер болот. Комиссияга иш берүүчүлөр жана студенттик жаштар өкүлдөрү да кирет. Зарыл болсо эл аралык эксперт да дайындалышы мүмкүн.
2.5.4. Билим берүү уюму комиссия мүчөлөрүнүн резюмесин алдын ала таанып чыгып, кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоого укуктуу.

2.5.5. Комиссиянын курамы жана мөөнөттөрү Агенттиктин буйругу менен бекитилет, анын көчүрмөсү билим берүү уюмуна берилет.

**2.6. Аккредитациянын экинчи этабы.**

2.6.1. Экинчи этапта билим берүү программаларынын өзүн-өзү баалоосу жүргүзүлүп, отчет жазылат. Бул процесс Агенттиктин Аккредитация өткөрүү жана отчет жазуу боюнча колдонмосундагы талаптарга ылайык ишке ашат. Өзүн-өзү баалоо үчүн 2–3 ай убакыт берилет.

2.6.2. Билим берүү уюму Агенттиктин өкүлдөрүн кеңешчи катары чакырып, программаларды өзүн-өзү баалоону жана отчетту даярдоону уюштурууга жардам ала алат. Алгачкы отчет Агенттикке берилет жана талаптарга ылайык текшерилет.

2.6.3. Өзүн-өзү баалоо отчетунун негизинде Агенттик:

- тышкы экспертиза өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алат;
- же аккредитациядан баш тартып, келишимди токтотот (эгерде стандарттарга жана критерийлерге шайкеш келбесе).

  2.6.4. Акыркы отчет эксперттик комиссиянын билим берүү уюмуна расмий визитине 10 күн калганда Агенттикке тапшырылат.

**2.7. Аккредитациянын үчүнчү этабы..**

2.7.1. Үчүнчү этап – эксперттик комиссиянын расмий визити. Комиссиянын курамы жана мөөнөттөрү Агенттиктин буйругу менен белгиленет (Кошумча 3).

2.7.2. Эксперттик комиссия иш баштаардан 10 күн мурун Агенттик билим берүү уюму менен аккредитация программасын жана шарттарын макулдашат. Аккредитация 2–3 күн жүргүзүлөт.

2.7.3. Билим берүү уюму комиссияга иштөөгө шарт түзүп берүүгө милдеттүү (кабылдама бөлмө, компьютер, принтер, интернет ж.б.).

2.7.4. Билим берүү уюму комиссия үчүн график түзүп, материалдык-техникалык базаны көрсөтөт, сабактардын расписаниесин, студенттердин, магистранттардын, докоранттардын, ординаторлордун, бүтүрүүчүлөрдүн, мугалимдердин, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн жана администрациянын тизмесин даярдайт.

2.7.5. Комиссия окуу жай менен, анын шарттары жана базасы менен таанышып, студенттер, докоранттар, ординаторлор, мугалимдер менен сурамжылоолор өткөрөт, документтерди текшерет.

Маектешүүлөр жабык форматта өтөт (администрация катышпайт). Бул маектерде билим берүү уюмунун талаптары, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн канааттануусу текшерилет. Акыркы жолугушуу жетекчилик менен өткөрүлөт.

2.7.6. Сырткы экспертизанын жыйынтыгы боюнча комиссия коллегиалдык корутунду чыгарат («Эксперттик комиссиянын корутундусу»). Анда программа аккредитация стандарттарына туура келет же келбейт деген жыйынтык чыгарылат. Эгер комиссия мүчөлөрүнүн пикири айырмаланса, алар да өзүнчө кошулат. Комиссиянын төрагасы акыркы күндө алдын ала жыйынтыктарды жарыялайт. Алардын негизинде Аккредитациялык кеңеш чечим кабыл алат. Эксперттик отчет Аккредитациялык кеңешке жана билим берүү уюмуна берилет. Чечим буйрук менен бекитилет жана 5 күндүн ичинде билим берүү уюмуна жөнөтүлөт.

2.7.7. Эгер шарттуу аккредитация берилсе, билим берүү уюму постаккредитациялык мезгилден өтөт.

## 3. Аккредитация боюнча чечим кабыл алуу

**3.1.** Аккредитациялык кеңеш көз карандысыз аккредитациядан ийгиликтүү өткөн билим берүү уюмдарына Сертификат жана тиркемелерди берет.

**3.2.** Чечим кабыл алуунун укуктук негиздери:

- Министрлер Кабинетинин №246 токтому («Билим берүү тармагындагы аккредитация боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө», 2024-жылдын 15-майы),
- эксперттик комиссиянын корутундусу,

- «Сапаттуу Билим» агенттигинин аккредитация жобосу.

**3.3.** Эксперттик корутундунун негизинде Аккредитациялык кеңеш 25 иш күндүн ичинде төмөнкү чечимдерди чыгарат:

- бардык стандарттар аткарылса – билим берүү уюму/программасы 5 жылга аккредиттелет;
- 1 стандарт аткарылбаса – 3 жылга шарттуу аккредитация (замечания менен),
- 2 стандарт аткарылбаса – 1 жылга шарттуу аккредитация, кемчиликтерди жоюу шарты менен;
- 2ден ашык стандарт аткарылбаса – аккредитациядан баш тартылат.

**3.4.** Шарттуу аккредитация же баш тартуу – мамлекеттик орган тарабынан лицензиялык көзөмөл жүргүзүүгө негиз болот.

**3.5.** Шарттуу аккредитация (1 же 3 жыл) же баш тартуу алынган уюм кайра аккредитацияга бир жылдан кийин гана кайрыла алат.

**3.6.** Мөөнөт бүткөндөн кийин комиссия постаккредитациялык мезгилде кемчиликтерди жоюуну текшерет.

**3.7.** Эгер кемчиликтер жоюлса, аккредитациянын мөөнөтү 5 жылга чейин узартылат.

**3.8.** Эгер кемчиликтер жоюлбаса, кайра шарттуу аккредитация же баш тартуу берилет.

**3.9.** Кеңештин бардык чечимдери протоколго жазылат жана Агенттиктин архивинде сакталат.

**3.10.** Баш тартылган учурда уюмга жазуу түрүндө негиздемеси жөнөтүлөт. Кайра кайрылуу бир жылдан кийин гана мүмкүн.

**3.11.** Баш тартылган учурда төлөнгөн сумма кайтарылбайт, кайра аккредитация чыгымын уюм өзү көтөрөт.

**3.12.** Эгер Агенттик билим берүү уюмунун ишинде одоно мыйзам бузууларды (лицензиялык талаптарды бузуу ж.б.) аныктаса, бул тууралуу билим берүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жазуу түрүндө маалымдайт.

**4. Аккредитацияланган билим берүү уюмдарына аккредитация сертификатын даярдоо жана берүү тартиби**

**4.1. Аккредитация сертификаттарын даярдоо үчүн маалыматтарды топтоо тартиби**

**4.1.1.** Аккредитацияланган билим берүү уюмдарына, анын ичинде шарттуу аккредитация алган уюмдарга, мөөнөтү көрсөтүлгөн аккредитация сертификаты берилет (4 тиркеме).

**4.1.2.** Аккредитация сертификаты төмөнкү учурларда жараксыз болуп калат:

- берилген мөөнөтү аяктаганда;
- билим берүү уюму жоюлганда;
- билим берүү уюму тиешелүү программаны ишке ашырууну токтотқондо.

**4.1.3.** Билим берүү уюму кайра катталганда (юридикалык аталышы өзгөргөн учурда) сертификат кайрадан таризделет, бирок анын мөөнөтү сакталып калат.

**4.1.4.** Сертификат берүүнүн негиздемеси болуп Аккредитациялык кеңештин чечими саналат. Анын негизинде Агенттиктин директору сертификатты мөөнөтү көрсөтүлгөн буйрук менен чыгарат.

**4.1.5.** Мамлекеттик үлгүдөгү билим берүү документтерин чыгаруу жана берүү тартиби сакталат.

**4.1.6.** Сертификаттын бланктарын кагаз түрүндө даярдоо үчүн Агенттик өндүрүүчү ишкана менен келишим түзөт. Келишимдин милдеттүү тиркемеси – автоматтык түрдө түзүлгөн өтүнмө.

Өтүнмөдө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1. Сертификаттарды буйрутма кылуу жөнүндө маалымат №, *«   »* ____________ *20* ж.
2. Сертификат ала турган билим берүү уюмунун аталышы.
3. Аккредитациянын түрү (программалык/программалык эл аралык).
4. Зарыл болгон саны – Сертификат/Тиркеме.
5. Сертификаттын сериясы (деңгээли).
6. Негиздеме.

Өтүнмөгө маалымат топтоо формасы тиркелет:

1. Каттоо номери.
2. Уюмдун (окуу жайдын) орусча аталышы.
3. Уюмдун (окуу жайдын) кыргызча аталышы.
4. Уюмдун орусча грамматикалык жынысы (м – эркек, ж – аял, с – орто).
5. Аккредитация органынын орусча аталышы.
6. Аккредитация органынын кыргызча аталышы.
7. Аккредитация органынын коду – 05 «Сапаттуу Билим».
8. Уюмдун статусу орусча.
9. Уюмдун статусу кыргызча.
10. Юридикалык дарек орусча.
11. Юридикалык дарек кыргызча.
12. Жайгашкан жери орусча.
13. Жайгашкан жери кыргызча.
14. Сертификат берилген жыл.
15. Шаар.
16. Тиркеменин номери.
17. Программанын номери тиркемеде.
18. Шифр (эксп. – эксперименталдык, инд. – индивидуалдык).
19. Программа орусча.
20. Программа кыргызча.
21. Программанын деңгээли орусча.
22. Программанын деңгээли кыргызча.
23. Сертификат берүүнүн негиздемеси орусча.
24. Сертификат берүүнүн негиздемеси кыргызча.
25. Аккредитациянын аяктоо күнү.
26. Аккредитациянын мөөнөтү (жыл менен).
27. Кол тамга (кызматы) кыргызча.
28. Кол тамга (аты-жөнү) орусча.
29. Кол тамга (аты-жөнү) кыргызча.
30. Кол тамга (аты-жөнү) кыргызча.
31. Аккредитациянын деңгээли (институционалдык/программалык).

**4.1.7.** Бул маалыматтар электрондук реестрге киргизилет. Алар билим берүү уюмунун жетекчисинин расмий арызынын негизинде өзгөртүлүшү мүмкүн.

**4.1.8.** Даяр болгон сертификаттын корректурасы тиркемелери менен билим берүү уюмуна жөнөтүлөт. Жетекчи (же жооптуу адам) оңдоолорду киргизип, кол коюп, тастыкталган түрүн Агенттикке жөнөтөт. Агенттик да өз өзгөртүүлөрүн киргизип, жетекчинин колу жана мөөрү менен типографияга жөнөтөт.

**4.1.9.** Сертификат даяр болгондон кийин билим берүү уюмунун жооптуу өкүлүнө берилет. Ал алуу китебине кол коёт.

**4.1.10.** Сертификат чечим кабыл алынган күндөн тартып 1 айдын ичинде «Сапаттуу Билим» Агенттиги тарабынан даярдалып берилет. Оригиналы билим берүү уюмуна жөнөтүлөт, көчүрмөсү Агенттикте сакталат.

**4.1.11.** Аккредитация жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин 10 иш күнү ичинде «Сапаттуу Билим» Агенттиги ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга расмий документ жөнөтөт. Маалыматтар Улуттук реестрге киргизилет жана Агенттиктин сайтында жарыяланат.

**4.1.12.** «Сапаттуу Билим» Агенттиги аккредитацияланган билим берүү уюмдарынын жана программаларынын электрондук реестрин жүргүзөт, аны сайтында квартал сайын жаңыртып турат жана ар бир отчеттук кварталдан кийинки айдын 15ине чейин мамлекеттик органга отчет берет.

**4.1.13.** Реестр хронологиялык тартипте жүргүзүлөт, анда чечимдин датасы, каттоо номери көрсөтүлөт. Реестрде төмөнкү маалыматтар болот: Агенттиктин аталышы; уюмдун толук аталышы жана жайгашкан жери; мамлекеттик каттоо маалыматы; салык төлөөчүнүн идентификациялык номери; чечимдин датасы; сертификаттын реквизиттери; мөөнөтү; аккредитацияланган программалардын тизмеси; кайра тариздөө датасы жана негиздемеси; жарактуулугу токтотулган датасы жана негиздемеси.

**4.1.14.** Аккредитацияланган уюм бир айдын ичинде Агенттикке бардык өзгөрүүлөр тууралуу (аталышы, дареги, байланыш маалыматы) жазуу түрүндө кабарлоого милдеттүү. Документтер кошо тиркелет. Перерегистрация болгондо сертификат сакталат. Сертификат төмөнкү учурларда токтотулат: мөөнөтү бүтсө; уюм жоюлса же кайра уюштурулса; программа ишке ашпай калса (лицензия кайтарылып алынса).

**5. Аккредитация сертификатынын дубликаттарын берүү**

**5.1.** Сертификат жоголгон же бузулган учурда, билим берүү уюмунун жазуу жүзүндөгү арызы боюнча «Сапаттуу Билим» Агенттиги арыз катталгандан кийин 15 иш күндөн кечиктирбестен дубликат берүү жөнүндө чечим чыгарат.

**5.2.** Дубликат өндүрүүчү ишкана тарабынан Агенттиктин өтүнмөсүнүн негизинде даярдалат.

**5.3.** Дубликатта «Дубликат» деген белги, документтин датасы жана номери көрсөтүлөт. Дубликат ушул жобого ылайык тариздел жана реестрге киргизилет.

**5.4.** Дубликат бир нускада берилет.

**5.5.** Дубликатты даярдоого кеткен чыгымдар арыз ээсинин эсебинен төлөнөт.

**6. Сертификаттарды эсепке алуу жана сактоо**

**6.1.** Сертификат жөнүндө маалымат электрондук реестрде сакталат.

**6.2.** Сертификат (оригинал жана дубликат) бир нускада даярдалат. Көчүрмөлөрү Агенттиктин аккредитация ишинде сакталат.

**6.3.** «Сапаттуу Билим» Агенттиги аккредитация ишин жүргүзөт, анда төмөнкү документтер сакталат: аккредитация арызы жана тиркемелер, Агенттиктин буйруктары (аккредитациялоо же баш тартуу жөнүндө), сертификаттардын көчүрмөлөрү, дубликат берүү документтери, текшерүү актылары. Аккредитацияланган уюмдардын жана программалардын реестри боюнча маалымат 5 жыл сакталат, андан кийин архивге өткөрүлөт.

**7. Каржылоо**

**7.1.** Сертификаттарды даярдоого кеткен чыгымдар Агенттик менен билим берүү уюмунун ортосундагы келишимдин негизинде жабылат.

**7.2.** Дубликат даярдоого кеткен чыгымдар билим берүү уюмунун эсебинен төлөнөт.

1 тиркеме

**«Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин директору П. З. Бостоновага**

**Арыз**

_______________________________________________________________

(билим берүү уюмунун толук аталышы, телефон, факс, E-mail)

_______________________________________________________________

Сиздерден төмөнкү билим берүү программаларын аккредитациялоону өтүнөбүз:

| № | Билим берүү программаларынын (багыттарынын) толук аталышы | Билим берүү программаларынын (багыттарынын) шифри |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

**Төлөмгө кепилдик алабыз.**

________________________ ____________

**Жетекчинин аты-жөнү** **колу** **М.О.**

**2 тиркеме**

**Аккредитациянын этаптары**

| **Иш-чаралар** | **Аккредитациялык агенттик** | **Билим берүү уюму** |
|---|---|---|
| **I этап - даярдоо** | | |
| 1. Аккредитациялоо тууралуу чечим кабыл алуу | Агенттик билим берүү уюмуна алдыдагы аккредитация процесси тууралуу билдирет | Билим берүү уюму байланыш адамын жана өзүн-өзү баалоо комиссиясын дайындайт. |
| 2. Агенттик менен билим берүү уюмунун өкүлдөрүнүн алдын ала жолугушуулары | Аккредитациялык агенттик билим берүү уюмуна процесстин өзгөчөлүгү, жүрүшү жана максаттары тууралуу маалымат берет. Билим берүү уюмунун өкүлү менен биргеликте маселелер талкууланат жана иштин мөөнөттөрү макулдашылат.билим берүү уюму менен аккредитациялык агенттиктин ортосунда келишим түзүлөт. | |
| 3. Билим берүү уюму өзүн-өзү баалоо боюнча отчет түзөт | Аккредитациялык агенттик билим берүү уюмуна өзүн-өзү баалоо боюнча отчет түзүүдө консультация берип турат. | Аккредитациялык агенттик берген документтердин негизинде билим берүү уюму өзүн-өзү баалоо боюнча отчет түзөт жана арыз менен бирге агенттикке жиберет |
| 4. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчет талдоо. | Аккредитационное агентство анализирует отчет по самооценке и инициирует при необходимости дополнения и уточнения.<br>Аккредитаялык агенттик өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту талдап чыгып, жетишпеген жана кошумчалоо талап кылынган маселелерди көтөрөт. | Билим берүү уюму Аккредитациялык агенттикке өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту тапшырат. Агенттиктин эскертүүсү боюнча жетишпеген жана кошумчалоо керек болгон маселелер боюнча билим берүү уюму өзүн-өзү баалоо боюнча отчетуна толуктоолорду киргизет. |
| 5. Эксперттик комиссиянын курамын аныктоо. | Аккредитациялык агенттик аккредитациялып жаткан программаларга жараша тышкы баалоо жүргүзүү үчүн тиешелүү багыттагы адистерден эксперттик комиссияны түзөт жана эксперттердин бирин төрагалыкка дайындайт. | |
| 6. Эксперттик комиссияга кеңеш. | Аккредитациялык агенттик эксперттерге алардын милдеттерин түшүндүрүп, зарыл документтерди берет жана өзүн-өзү баалоо отчетун жөнөтөт, нускама өткөрүлү, объективдүүлүк боюнча арыздарга кол коюлат, комиссиянын иштөөсү, тамактануусу жана жайгашуусу боюнча маселелер билим берүү уюму менен биргеликте чечилет. | |

| | | |
|---|---|---|
| **II этап – окуу жайга баруу** | | |
| 7. Окуу жайга баруу | Аккредитациялык агенттик эксперттик комиссия жана билим берүү уюму менен окуу жайга баруунун программасын макулдашат. | |
| | Аккредитациялык агенттик маектешүүлөрдүн убактыларын, кайсыл сабакка катышуу болоорун аныктайт. Маектешүүнү уюштурууга жардам көрсөтүүчү, жыйынтыктарды иреттөөчү жана протоколдорду түзүүчү кызматкерди аныктайт. | Билим берүү уюму макулдашылган сабактардын жүгүртмөсүн, эксперттик комиссянын иштөөсү үчүн атайын уюшулган жайды жана жабдыктарды, маектешүүчүлөрдүн тизмесин, эксперттик комиссия менен иш алып баруучу жооптуу кызматкер тууралуу аккредитациялык агенттикке билдирет. |
| **III этап – жыйынтыктоочу отчетту даярдоо** | | |
| 8. жыйынтыктоочу отчет. | Аккредитациялык агенттиктин кызматкери жана эксперттик комиссиянын төрагасы өзүн өзү баалоо отчетун талдоонун жана билим берүү уюмун жеринен текшерүүнүн жыйынтыгы менен обьективдүү жана далилдүү отчет жазышат. | |
| 9. Билим берүү уюмуна өз көз карашын билдирүүгө мүмкүнчүлүк берүү | Аккредитациялык эксперттик комиссиянын отчету боюнча өз пикирин билдирүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн отчетту агенттик билим берүү уюмуна жиберет | |
| 10. Аккредитациялык агенттик тарабынан чечим кабыл алуу. | Агенттиктин алдындагы Аккредитациялык Кеңеш эксперттик комиссиянын отчетунун негизинде билим берүү уюмунун же программанын аккредитацияланышы боюнча чечим кабыл алат. Ошол эле учурда Кеңеш эксперттик комиссия тарабынан Аккредитациялык агенттиктин стандарттары жана критерийлери туура колдонулган-колдонулбаганын текшерет. Жыйынтыгында Кеңеш билим берүү уюмуна жана эксперттик комиссияга өз чечимин билдирет. | Аккредитациялык агенттиктин чечими менен таанышкан билим берүү уюму чечимге макулдугун билдирет же макул эмес болгон учурда даттана алат. |
| 11. Чечимге даттануу. | Билим берүү уюмунун кабыл алынган чечим менен макул эместиги билдирилген учурда Аккредитациялык Кеңеш өз отурумунда даттанууну карап, акыркы чечимди кабыл алат. | Билим берүү уюмунун жетекчиси чечим менен макул эместигинин маанисин жазуу түрүндө Аккредитациялык агенттикке тапшырат. |

3 тиркеме

**Тышкы баалоо жүргүзүү үчүн эки күндүк билим берүү уюмуна баруунун программасы**

| Билим берүү уюмуна баруунун убактысы | Иш-чаралар |
|---|---|
| **Биринчи күн** | |
| 8:00 | Референт тарабынан тосуп алуу жана эксперттик комиссияны тааныштыруу. Уюштуруучулук маселелерди тактоо |
| 9:00 | Билим берүү уюмун кыдыруу |
| 10:00 | Билим алуучулар менен маектешүү |
| 11:00 | Сабактарга катышуу, |
| | Документтер менен иштөө |
| 12:00 | Түшкү тыныгуу |
| 13:00 | Эксперттердин жыйыны |
| 14:00 | Ата-энелер менен маектешүү, |
| | Окутуучулар менен маектешүү |
| 15:00 | Бүтүрүүчүлөр менен маектешүү |
| 16:00 | Иш берүүчүлөр менен маектешүү |
| 17:00 | Биринчи күндүн жыйынтыгы |
| **Экинчи күн** | |
| 8:00 | Документтер менен иштөө |
| 9:00 | Совещание экспертов |
| 10:00 | Эксперттердин жыйыны |
| 11:00 | Тышкы баалоонун алдын ала жыйынтыктары боюнча иштөө |
| 12:00 | Түшкү тыныгуу |
| 13:00 | Работа с документацией |
| 14:00 | Тышкы баалоонун алдын ала жыйынтыктары боюнча иштөө |
| 15:00 | Акыркы отчетту даярдоо |
| 16:00 | Билим берүү уюмунун жетекчиси менен маектешүү |
| 17:00 | Администрацияга тышкы баалоонун алдын ала жыйынтыктарын сунуштоо |
| 18:00 | Билим берүү уюмуна баруунун аякташы |

**4 тиркеме**
**Сертификаттын үлгүлөрү**

«САПАТТУУ БИЛИМ »
билим берүү уюмдарын жана программаларын
аккредитациялоо агенттиги

# СЕРТИФИКАТ

№ ______________

БУЛ СЕРТИФИКАТ

______________________________________________
(Билим берүү мекемесинин аталышы)

Юридикалык дареги: ______________________________

**ТИРКЕМЕГЕ ЫЛАЙЫК КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯДАН БАГЫТТАР/АДИСТИКТЕР/КЕСИПТЕР БОЮНЧА ӨТКӨНДҮГҮН ЫРАСТАЙТ.**

Сертификаттын колдонуу мөөнөтү: ______________-жылга чейин

Негизи: *«САПАТТУУ БИЛИМ» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин 20__-жылдын ______-__________ № ______ буйругу*

Тиркемесиз сертификат жараксыз

ОБРАЗЕЦ

**Директор**

П.З.Бостонова

**М.О.**

Аныктыгын текшерүү: www.tartip.kg

**Каттоо номери** ___________

**Берилген жылы:** ______

*Бишкек шаары*

Агентство по аккредитации
образовательных организаций и программ
«САПАТТУУ БИЛИМ»

# СЕРТИФИКАТ

№ ______________

НАСТОЯЩИМ СЕРТИФИКАТОМ ПОДТВЕРЖДАЕТСЯ, ЧТО

______________________________________________
(Название образовательной организации)

Юридический адрес: ______________________________

**ПРОШЁЛ НЕЗАВИСИМУЮ ПРОГРАММНУЮ АККРЕДИТАЦИЮ ПО НАПРАВЛЕНИЯМ/СПЕЦИАЛЬНОСТЯМ/ПРОФЕССИЯМ СОГЛАСНО ПРИЛОЖЕНИЮ.**

Срок действия сертификата: до ______________ года

Основание: *Приказ Агентства по аккредитации образовательных организаций и программ «САПАТТУУ БИЛИМ» № ______ от «____» __________ 20__ года*

Сертификат без приложения недействителен

ОБРАЗЕЦ

**Директор**

П.З.Бостонова

**М.П.**

Проверка подлинности: www.tartip.kg

**Регистрационный номер** ___________

**Год выдачи:** ______

*город Бишкек*

**«САПАТТУУ БИЛИМ»**
**билим берүү уюмдарын жана программаларын**
**аккредитациялоо агенттиги» мекемеси**

№ ______________ СЕРТИФИКАТЫНА № ____ ТИРКЕМЕ

______________________________________________
(Билим берүү мекемесинин аталышы)

| № | Шифри | Багыттын/адистиктин/кесиптин аталышы | Квалификациясы |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| 4 | | | |
| 5 | | | |

Негизи: *«САПАТТУУ БИЛИМ» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттиги» мекемесинин 20__-жылдын ____-__________ № ______ буйругу*

ДИРЕКТОР П.З.Бостонова

М.О.

Тиркеме сертификатсыз жараксыз
АНЫКТЫГЫН ТЕКШЕРҮҮ: www.tartip.kg

Каттоо номери ___________

**«Agency for accreditation**
**educational organizations and programs**
**«SAPATTUU BILIM» institution**

APPENDIX № ____ TO CERTIFICATE № ______________

______________________________________________
(Name of educational organization)

| № | Code | Name of field/speciality/profession | Qualification |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| 4 | | | |
| 5 | | | |

Basis: *Order of «Agency for accreditation educational organizations and programs «SAPATTUU BILIM» institution # __________ from __________ ____, 20__*

DIRECTOR P.Z.Bostonova

М.П.

Appendix is invalid without certificate
AUTHENTICITY VERIFICATION: www.tartip.kg

Registration number ___________

## CERTIFICATE
## OF INSTITUTIONAL ACCREDITATION

№ ________________

Organization: ____________________________________________

Leader: ____________________________________________

Legal address: ____________________________________________

Actual address: ____________________________________________

Organization and legal form: ____________________________________________

The type of educational organization: ____________________________________________

The status of educational organization: ____________________________________________

Accreditation status: ____________________________________________

Validity of the certificate: ____________________________________________

Basis: ____________________________________________

Registration number: ___________

Director

________________________ Official Seal

Certificate authenticity verification: www.tartip.kg

«САПАТТУУ БИЛИМ»
билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттиги мекемеси

(КР ББжИМ таануу жөнүндөгү күбөлүгү ________-жылдын, №________)

Учреждение «Агентство по аккредитации образовательных организаций и программ
«САПАТТУУ БИЛИМ»

(Свидетельство о признании МОиН КР от __________, № __________)

«Agency for accreditation educational organizations and programs
«SAPATTUU BILIM» institution

(Certificate of Recognition of the Ministry of Education and Science of Kyrgyz Republic from__________, No ___________)

Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы
Кыргызская Республика, город Бишкек
Bishkek, Kyrgyz Republic

__________________
год выдачи